**БЕКИТЕМ**
**Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин илимий иштер жана инновациялар боюнча проректору, техника илимдеринин кандидаты, доцент**
**С.Ж. Кувваков __________________**
**«____» _______________ 2024-ж**

Акматов Өмурзак Сарытайовичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» аттуу диссертациялык ишинин илимий-практикалык баалуулугу жөнүндө жетектөөчү мекеменин

**ПИКИРИ**

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.** Адам табиятын, анын социалдык-биологиялык өбөлгөлөрүн, генезиси менен эволюциясын, изилдеген илимий тармактын (антропология, тарыхый антропология, социалдык антропология жана маданий антропологиянын) соңку теориялык жогорку деңгээлдеги концептуалдык модели – философиялык антропология болуп саналат. Ал адам табияты менен маңызын, анын болумушка, тиричиликке, ой жүгүртүү менен акыл-эске жана эмоцияга карата болгон купуя мамилелерин иликтеп, азыркы адамдын "социалдык-философиялык портретин" түзүүгө жөндөмдүү.

Философиялык антропология – адам маңызы менен жашоосун (сущность и существования) талдай турган философиялык илимдердин татаал тармагы. Ал – «адам философиясы» деп аталган түшүнүктөн айырмаланып, бүтүндөй адам жөнүндөгү философиялык түшүнүктөрдүн жаңы деңгээлдеги теориялык жалпыланышы, илимий-методологиялык

Диссертациялык Кеңеш Д 09.22.657
Кирүү 04-8 1109
Чыгуу
ОК колу
«12» 06 2024 ж.

системаланышы, адам түшүнүгүнүн экзистенцияланышы болуп эсептелет. Философиялык антропология – адам маңызын конкреттүү тарыхый фазадагы конкреттүү адам менен байланыштырып карабайт. Ал адам жөнүндө жалпыланган түшүнүктү (жалпы адамга тиешелүү иммаиенттүү мүнөздөр аркылуу) аныктайт. Философиялык антропология – адам маселелеринин бардык коп кыйырларын терең талдоого умтулгандыгы менен айрымаланат. Адам парадигмасын шарттаган факторолор: социомаданий жана социожаратылыштык жагдайлар, рационалдуулук менен иррационалдуулуктун айкалышы; философиялык темпорализм, уникалдуулук менен универсалдуулуктун, чектүүлүк менен чексиздиктин, жоопкерчилик менен парздардын тогошу; азап чегүү, жарашуу, келишүү, куткаруу философиясынын, жашоо маңызы менен окуялардын ошондой эле, рухий кырдаалдардын өз ара биримдиги – философиялык антропологиянын ички логикалык мейкиндиги.

Философиялык антропология – философиялык илимий тармак катары XVIIIк. И.Канттын окуусунан башат алат. Мындай жыйынтыктын айрым негиздери И.Канттын философиядагы төңкөрүшү жана анын категориялык императив концепциясы болуп эсептелет. XX к. 20-ж. Германияда Макс Шелер (1874-1928) тарабынан анын “Космостогу адамдын абалы” (1928) деген эмгегинде ошол мезгилдеги жана ага чейинки адам философиясы тууралуу илимий түшүнүктөр жана концепциялар жалпыланган. Мындан тышкары философиялык антропология методологиялык мүнөзгө ээ. Анын адам тууралуу теориялык жыйынтыгы башка адамга байланыштуу илимий изилдөөлөрдүн концептуалдык таянычы болуп эсептелет.

Соңку мезгилде мейкиндик диапозону барган сайын кеңейип, тереңдеп бара жаткан ааламдашуу феномени – жалпы адамзаттын келечек тагдыры менен тикеден-тике байланышкан кечиктирбей чечүүнү талап кылган глобалдык көйгөлөрдү жаратты. Мындай карама-каршылыкка тепчилген кырды-бычак социомаданий абал универсалдык мүнөздөгү философиялык рефлексияны, конкреттүү-тарыхый кырдаалды темпоралисттик ыкма менен

аңдоону талап кылууда. Күтүүсүз катаклизмдер менен коштолгон геосаясий тилке кескин өзгөрүп барат: жер шарындагы калктын санынын көбөйүшү менен (2025-30-жылдары – 9 миллиардга көбөйүшү болжолдонууда) тамак-аш, азык-түлүк тартыштыгынын пайда болушунан улам, 2025-жылга карата азыркы өндүрүлгөн тамак аштын көлөмүн жок дегенде 50%га жогорулатуу зарылдыгы болжолдонууда; Гималайдын айланасында: Кытай, Индия жана Пакистан; Палестина менен Израилдин; Орто Азиядагы мамлекеттердин: Өзбекстан, Тажикстан, Казахстан жана Кыргызстан аймагында суу таңкыстыгы жаралып, ичүүчү таза суунун жетишсиздиги күтүлүүдө; энергетиканын жетишсиздиги (газ, нефти ж.б.) социалдык муктаждыкты жаратууда; – климат проблемасы – жер шарындагы орточо температуранын жогорулоосу, суу ташкындары, жер көчүүлөр ж.б. – социалдык жашоону туруксуздандырууда.

Жалпы эле, дүйнөлүк социалдык кырдаал – экономикалык, саясий, этикалык, технологиялык жана диний карама-каршылыктардын негизинде болуп көрбөгөндөй чыңалып турганда жалпы адамзаттын, ошондой эле жеке адамдын социалдык турпаты, *"адамдын күн сайын адам болушу"*, социалдык жана психологиялык туруксуздук улам барган сайын курчуп барат. Коомдук зарылдыкка айланган ааламдашуу процесси аймактык гана эмес, менталдык интеграцияланган кубулуштарды байма-бай жаратууда. Аталган объективдүү мүнөздөгү факторлордун өктөм таасиринен улам, буга чейин белгилүү болгон антропологиялык түшүнүктөрдүн чек-ченеми, семантикалык алкагы азыркы конкереттүү-тарыхый кырдаалга коошпой калды.

Менталдык мүнөздөгү коомдук-мамлекеттик түзүлүш жаңы цивилизациялык кырдаалга туш болгон опурталдуу учурда, көнүмүш моралдык ченемдерге кедерги сапаттар арбып бараткан кырдаалда адамга мүнөздүү универсалдуу касиет-дөөлөттөр кыйла мезгил сактала берээри белгилүү. Белгиленген универсалдуу дөөлөттөр менен жаңы пайда болгон локалдуу мүнөздөгү рухий кубулуштардын өз ара карама-каршылыгын адекваттуу аңдоо – философиялык антрпологиянын маанилүү маселеринен.

Мындан тышкары, нанотехнология, санариптештирүүнүн коомдук турмуштагы ролу жогорулаган сайын жасалма интеллект менен адамдын ортосундагы мамиленин келечеги антропологияны “философиялаштыруу”, көндүм гуманисттик парадигмаларды өзгөргөн кырдаалга ылайыкташтыруу көйгөйүн жаратты. Эркиндик, теңдик, калыстык сыяктуу парадигмалык мүнөздөгү түшүнүктөрдү, “эрк”, “жакшылык”, “жамандык”, “абийир”, “милдет” өңдүү этикалык концептердин мазмундук талаасын туура аныктоо аркылуу, адамдын адамдык беделин тактоо жана сактоо зарылдыгы жаралды.

Жогоруда белгиленген дыкат изилдөөнү талап кылган опурталдуу жагдайларды жөнгө салуу үчүн зарыл болгон концепцияларды иштеп чыгуу жалпы эле философиялык антропологиянын, ошондой эле жаңы өбөлгөлөнгөн гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданиятын аңдоонун актуалдуулугун шарттап турат. Анткени, мындай нуктагы илимий изилдөөнүн конкреттүү жыйынтыктары адамдын учурлаш жүрүм-турумун турукташтырууга, ал жүрүм-турумдарды жөнгө салуучу моралдык дөөлөттөрдүн калыптанышына шарт түзөт.

Жогоруда белгиленген, жалпы адамзаттык болумдун социалдык детерминанты болгон, глобалдык көйгөйлөрдүн мыйзам ченемдүү натыйжасында олуттуу материалдык-социалдык кризис гана эмес, опурталдуу рухий-экзистенциалдык кырдаал жаралып келет. Адамдык эрктин, ага удаалаш экзистенциялдык мотивациянын эгоисттик нукка бурула башташы, баалуулуктардын алмашышына түрткү берип, “жашоо үчүн күрөштүн” терс жагдайлары түрдүү психикалык депрессияларды, стресстерди, эрксиздик менен алсыздыкты, жалпысынан – чүнчүгөн маанайды жаратууда. Глобалдык проблемалардын макро жана микрокосмостук татаал алкагы кеңейген сайын, аалам менен адамдын социожаратылыштык жана социомаданий мамилелери ого бетер чыңалууда, мындай тагдыр чечер шартта ансыз да толук жандырыла элек адамдын биосоциалдык жана рухий маңызын конструктивдүү нукта адекваттуу аңдоо үчүн “антропологиянын философияланышы” же башкача айтканда,

философиялык анторопология учурдун өтө зарыл күн тартибине айланганы айныгыс чындык. Бул белгиленген, өзгөчө методологиялык мамилени талап кылган кырдаал философиялык антропологиянын өзгөчө илимий статусун, зарылдыгын аныктап, гуманисттик философиянын парадигмалык маңызын, адам доктринасын концептуалдуу жактан тетик талдоону шарттап турат.

Философиялык антропологиянын илимий-теориялык методологиясы жалпы гуманисттик сегменттерди концептуалдык интеграциялоого, “эрк”, “мотив”, максаттарды, моралдык-этикалык ченемдерди, антропогенез менен байланышкан касиеттерди азыркы талапка ылайык гармониялаштырууга негизделген – социомаданий калыптоого жана гармониялуу өнүктүрүүгө багытталган. Мындай, антропологияны философиялаштыруу ыкмасы адам табияты менен маңызын, адам субъективдүүлүгүн, адамдагы «Мен», «Мен жана сен», «Мен, сен жана башкалар» маселелерин туура андоого багытталат жана адамдагы уникалдуулук менен табийгый, социобиологиялык көндүмдөрдү айкалыштырууга шарт түзөт. Интуиция, ишеним, сүйүү жана мээрим, азап чегүү, коркуу, сагынуу, кусалануу, өксүү, баштан кечирүү, тобокелге бел байлоо, улгаюу менен карылык, жалгыздык, өлүм менен өлбөстүк жана аларга карама-каршы келген кубануу, сүйүнүү, эргүү, кумарлануу, бакыт, тагдыр сыяктуу эмоцияналдык мүнөздөгү экзистенциалдарды андап-билүүгө мүмкүнүлүк түзөт.

Өзгөчө адам болмушунун көп түрдүүлүгүн: анын этникалык, аймактык, тектик, куралтык, тарыхый, табийгый-менталдык, индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн жалпы адамдык алкак менен айкалыштырып кароодо жана интерпретациялоодо философоиялык антропологиянын ролу жогору.

Жогоруда учкай белгиленген концептуалдык жагдайлар диссертациянын илимий-теориялык актуалдуулугун таасын айгинелеп турат.

**Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар, ири илимий иpограммалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери**

**менен болгон байланышы.** Диссертациялык иштин мазмундук контексти төмөнкү конгкреттүү илимий-изилдөө долбоорлору менен байланыштуу:

- диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы Философия институтунун “Идеологические парадигмы концепции Жаңы Кыргызстан” аттуу тематикалык планына кирет;

- ОшМУнун Философия жана политология кафедрасынын “Философия жана социогуманитардык илимдерди изилдөөнүн концептуалдык-методологиялык негиздери” аттуу илимий тематикасынын алкагында “Философиялык антропологиянын концептуалдык-методологиялык негиздери” аталышында иш алып барат;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин мамлекеттик социалдык буйрутмасына ылайык, “Чексиз мүмкүнчүлүктөр” долбоорунун алкагында кары адамдардын, майыптуулуктун эмгегин жана коомдук активдүүлүгүн бизнестин негизин үйрөтүүгө негизделген социалдык ишкердүүлүк аркылуу өрчүтүүгө багытталган 2023-2024 жылдарда аткарыла турган иш-чараларга илимий-методологиялык жардам көрсөтүлүп жатат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги **максаты** – салыштырмалуу соңку илимий тармак – философиялык антропологиянын абстрактуулуктан конкреттүүлүккө багыт алган концептуалдык маңызын, имманенттүү социалдык-тарыхый табиятын тастыктоо аркылуу социожаратылыштык жана социомаданий жактан шартталган жаңы гуманисттик парадигмаларды, адам доктринасын ырааттуу изилдөө болуп эсептелет. Бул учкай белгиленген максаттын илимий муктаждыгы гуманисттик парадигмалар деп аталган антропологиялык мүнөздөгү социомаданий моделдерди адекваттуу аңдоонун зарылдыгы менен түшүнүдүрүлөт. Жогоруда белгиленген максатка ылайык изилдөөнүн төмөнкү **милдеттери** аныкталды:

- изилдөө объектисинин учурдагы теориялык деңгээлин аныктоо максатында философиялык антрополгия багытындагы илимий-изилдөөлөргө аналитикалык синопсис жүргүзүү;

- кыргыз профессионалдык философиялык эмгектериндеги антропологиялык сегменттердин логикалык жана семантикалык өзгөчөлүктөрүн; кыргыз кыртышындагы антропологиялык мүнөздөгү философемаларды айкындоо;

- философиялык антропологиянын фундаменталдык илимий жоболорунун социотабияттык жана социомаданий факторолорун конкреттүү-тарыхый ыкманын негизинде аныктоо;

- философиялык антропологиянын башка маанилеш илимий тармактардан айрымаланган концептуалдык маныызын жана логикалык табиятын теориялык рефлексия катарында тастыктоо;

- гуманизмдин типологиялык өзгөчөлүктөрүн жана социомаданий парадигмаларын айкындоо;

- адам маңызын жана табиятын антропологиялык тариздеги философиялык модель катары интерпретациялоонун мазмундук талаасын соңку илимий концепт катары чечмелөө;

- адам парадигмасынын соңку мезгилде сунушталган трансгуманисттик долбоорун жана этикалык доктринасын аксиологиялык (баалуулук) кубулуш, праксиологиялык аракет катары реконструкциялап, аталган антропологиялык концепциялардын логикалык табиятын ырааттуу талдоо;

- философиялык антропологиянын алкагындагы гуманисттик парадигмалардын онтологиялык контексттерин – социожаратылыштык жана социомаданий шарттарын моделдештирүү аркылуу алардын эпистемалык табиятын аныктоо.

**Алынган натыйжалардын теориялык маанилүүлүгү** дүйнөлүк философиянын классиктеринин антропофилософиялык идеялары, теориялык жалпылоолору, ошондой эле кыргыз философторунун философиялык антропологияга, айрыкча гуманисттик парадигмаларга тиешелүү

концептуалдык изилдөөлөрүнө негизденип, социалдык-философиялык жана философиялык антропологиялык билимдерди андан ары кенейтүүдө жана терендетүүдө турат. Социалдык-философиялык концепцияга жалпыланып, изилдөө процессинде алынган материалдар менен натыйжаларды социалдык-гуманитардык, профилдик-тематикалык алкактагы илимий изилдөөлөрдө, ЖОЖдордо: бакалавр, магистр жана аспиранттар үчүн атайын курстарда лекциялык жана семинардык сабактарда пайдаланууга болот.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Диссертациялык изилдөөнүн практикалык натыйжаларын келечек муундарга гуманисттик багыттагы: альтруисттик, этикалык, эстетикалык, экологиялык, экономикалык жагдайларда тарбия берүүдө, жалпы эле социалдык-гуманитардык ишмердүүлүк чөйрөсүндө пайдаланууга болот. Өзгөчө: адам зоболосун, адамдын космикалык жана социалдык мейкиндиктеги орду менен ролун бийик тутуу; бардык материалдык жана рухий, абсолюттук жана күнүмдүк баалуулуктарды мурастоо; табиятты сүйүү, коездук менен сулуулукту, асылдык менен сонундукту, ыймандык менен адептикти, айкалыштыруу; табият менен шайкеш жашоо сыяктуу асыл сапаттарды калыптоо идеяларын өнүктүрүүдө абдан маанилүү.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору**:

1. Классикалык философиялык антропология – адамдын жалпы турпатын – табиятын, маңызын, болумун изилдөөдө дээрлик обьективдүү жагдайларга (биогендик өбөлгөлөргө, объек-субъектилик мамилелерге) басым жасап, табийгый алкак менен чектеп, анын жан дүйнөсүнө: акыл-эстик, сезимдик жана эрктик (субъектилик) жагдайларына классикалык илимий методологиянын үстөмдүгүнүн натыйжасында жетишээрлик денгээлде көнүл бурбай келген. Адам – табияты боюнча парадоксалдуу (экилтик) кубулуш экендиги, бир эле учурда социалдык кырдаал чөйрөнүн субъектиси да, объектиси да экендиги эске алынган эмес. Адам турпатын адекваттуу аңдоодо бири-бирине кынапталган онтогенез менен филогенездин айкалышын туюндурган методологиялык жобо толук кандуу колдонулбай келген.

Натыйжада, адам маңызы классикалык объект-субъектилик методологиянын алкагында интерпретацияланып, анын “ички мени”, “менталдык көрөңгөсү” көлөкөдө калган. Философиялык антропологиянын калыптанышы, гуманисттик парадигмалардын өнүгүшү менен ушул учкай белгиленген көйгөй эске алынып, адамдын жан дүйнөсүн (субъектилик жагдайларды) иликтөөгө ык коюлду. Адам бир эле мезгилде бардык коомдук катнаштардын субъектиси гана эмес, объектиси да экендиги, тириктин тиричилиги кыймылдаткыч күчкө, “социалдык дүрмөткө” ээ экендиги талашсыз.

2. Дүйнөтүзүлүш тууралуу түшүнүктүн байыркы архаикалык формасы – философема. Ал – дүйнөтаанымдын, нерсе-кубулуштарды андоого, жалпылоого болгон аракеттин алгачкы артефакты – логикалык тариздеги инструменти. Философемалар, этникалык мейкиндикте жаралгандан улам этникалык мүнөз күткөн этнофилософемалар улуттук кыртыштан өнүп чыккан дүйнөлүк философиянын пайдубалы. Кыргыз философиясынын башаты да – мифтик, мифоэпикалык, диний философемалар болуп эсептелет. Байыркы мейкиндик менен мезгилдин өзгөчө кыйырына кынапталган адам (киши, пенде, тирик, макулук, жандык) жөнүндөгү баёо ойлом формалары философемалык мүнөздө болгон. Азыркы мезгилдеги адам түшүнүгүнүн түпкү теги – философемаларда. Ушундан улам соңку учурда адам көйгөйүн изилдөө кандай илимий-теориялык зарылдык болсо, анын башаты болгон адам философемаларын иликтөө ошондой эле концептуалдык зарылдык болуп эсептелет. Мындан тышкары, дагы бир тарыхый-конкреттүү жагдай – ар бир элдин социомаданий баалуулуктары, гуманисттик парадигмалары бүткүл дүйнөлүк гуманистик ойлом эволюциясынын бир салаасы – бөлүгү катары өнүгүп келгендиги талашсыз.

3. “Социалдык” жана “табият” түшүнүктөрүн кыйла бийик деңгээлде синтездеген логикалык татаал “социожаратылыштык” түшүнүгү адамды курчап турган чөйрөнү – табияттын, коомдун өтмө-катар ажыралгыс биримдигин туюндурат. “Социожаратылыштык” концепциясы табийгый жана социалдык түзүмдөрдү бири-бири менен байланыштуу өзүнө тиешелүү

мыйзам ченемдердин натыйжасында жөнөкөйдөн – татааллга багытталган эволюциялык кыймылдагы бирдиктүү система катары түшүндүрмөлөйт. Бул концептуалдык идеянын түпкү фундаменталдык нугу “табият” менен “коомдун” өз ара аракетинен түзүлгөн “жандуу” чөйрө. Ал – табияттын коомго, коомдун табиятка тийгизген (оң жана терс) таасири аркылуу түзүлөт, уюмдашат деген тариздеги уңгулуу концепт менен байаланыштуу. Демек, “адам табияты”, “адам маңызы” деп аталган социобиологиялык кубулуштарды адекваттуу андоо үчүн ал түшүнүктөрдүн социожаратылыштык өбөлөлөрүн кылдат иликтөө зарыл. Бул белгиленген методологиялык ыңгай сөциотабийгый түзүмдөрдүн өзгөчөлүктөрү болуп саналган биочөйрөнү – глобалдык экотүзүм, коомду биочөйрөнүн подсистемасы катары кароого негиз түзөт. Коом – табият түзүмүнүн негизги элементтери, функционалдык байланыштары жана факторлору менен өбөлгөлөнгөн. Табият менен коомдун экологиялык карама-каршылыгы түзүмдүк зарылдык болгон алмашуу процесстеринин дискреттүүлүгү менен түшүндүрүлөт. Экологиялык туруктуулук – түзүмдүн туруктуулугу, соңиотабийгый экотүзүмдүн туруктуулугу, ал эми ал туруктуулук табият менен коомдун “акыл-эстүү” карым-катнашы менен шартталат.

4. Адам болумун, анын ички табиятын аныктап турган негизги факторлордун бири – адам мацызы көйгөйү. Ал философиялык антропологиянын түйүндүү маселелеринин бири жана адам экзистенциясынын (жашоонун, тириликтин, тиричиликтин) пайдубалын түзөт. Адам болуму адамдын жалпы биосоциалдык турпатын, рухий жандүйнөсүн, эс-акыл дараметин, аңсезимин, түшүнүгүн, моралдык кудуретин туюндурган өтө кеңири татаал түшүнүк. Философиялык антропологиянын алкагында адам маңызы (болуму) адамдын өзүн-өзү аңдоосу, өзүн-өзү таануусу (рефлексиясы), өзүн-өзү түшүнүүсү менен тыгыз байланышта каралат. Адам жашоосу, тиричилиги – адам маңызынын көрүнүшү болуп эсептелет. Адамдык парасат (адам маңызы, феномени) – адамдын адамдыгын аныктап турган экзистенциалдардын (сапаттардын) өз

ара биримдик жыйындысы. Адам өзү жашап турган чөйрөгө ылайыкташып гана чектелбестен, ал аны (чөйрөнү) өзүнүн ишмердүүлүгү менен максаттуу багытта өзгөртөт. Адам табияты менен маңызы, адам субъективдүүлүгү менен анын уникалдуулугу, адам «мендиги», интуиция, ишеним, сүйүү маселелери; ошондой эле экзистенциалдык: азап чегүү, сагынуу, кусалануу, өксүү, баштан кечирүү, тобокел салуу, жалгыздык, улгаюу менен карылык, өлүм менен өлбөстүк жана аларга карама-каршы келген кубануу, сүйүнүү, эргүү, кумарлануу, бакыт, тагдыр сыяктуу масштабдуу концепттер – философиялык антрпологиянын социожаратылыштык жана социомаданий факторолор менен өбөлгөлөнгөн татаал маселелерден.

5. Объективдүү мүнөздөгү ааламдашуу процесси тамыр жайгандан бери, гуманизмдин диапозону кеңейип, анын глобалдык форматы пайда болду. Өзөгү ар кыл этникалык кубулуштардан түзүлгөн менталдык көпкырдуулукту туюндурган “универсалдуу” социомаданий кырдаалда өкүм сүргөн гуманисттик глобализм – улуттук, расалык, диний коошпостуктун шартында жалпы адамзаттык баалуулуктарды сактоого аракеттенип, “калыстык”, “тынчтык”, толеранттулук” жана “социалдык тилектештик” сыяктуу дөөлөттөрдү глобалдаштырууга умтулат. Глобалдуу гуманизмдин фундаменталдуу жобосуна ылайык, социомаданий көп түрдүүлүккө карабай, ар бир адам (ар бир мамлекет) бирдей укукка, бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болушу зарыл. Мындай, этникалык ар түрдүүлүк менен коомдук бир түрдүүлүктү тогоштуруп, жалпы максатты көздөгөн гуманисттик кырдаалды түзүүнүн жолу – маданий аралык диалог жана кызматташтык. Диалог, кызматташтык, социалдык кызыкчылыктарды айкалыштыруу аркылуу гана “жакырчылык”, “ачкачылык”, “теңсиздик”, “экокризис” өңдүү өнөкөт-өксүктүктөрдүн глобалдык формалары менен күрөшүүгө болот. Глобализм – алкакташтыруу катары, синергетика – “сызыксыз өнүгүүнүн” постулаты катары эки башка кубулуш, бирок алардын методологиялык ыкмаларын үзүрлүү пайдалануу – глобалдык гуманизмдин негизги талабы. Анткени, синергетика – адамзатты жана ааламды камтыган татаал сызыктуу эмес,

системалардын өз алдынча түзүлүшүнүн теориясы катары адамга жана дүйнөгө болгон жаңы көз караштагы калыптандырууну камтыйт. Глобалисттик гуманизм менен синергетиканы айкалыштыруу адам менен адамдын, коом менен табияттын мамилелеринин жаңы, иштиктүү форматын жаратат.

6. Ар бир адам индивидуалдуу жандуу организм, бирок анын маңызы коомдук түзүлүш, коомдук мамилелер жана табийгый чөйрө менен тыгыз байланышта. Ал өзүндөй эле өзгө адамдар, ар кыл уюмдашкан социалдык институттар менен социомаданий эреже-нормалардын негизинде өз ара максаттуу алака түзүп, чөйрө-кырдаал менен шартталат жана өзүнүн комплекстүү ишмердүүлүгү аркылуу конкреттүү-тарыхый кырдаалды трансформациялоого катышат. Мындай бири-бирине таасир берип, бирине-бири өбөлгө болгон эки тараптуу кырдаалда социомаданий фактор баалуулуктар системасын түзүү аркылуу өзгөчө мааниге ээ болот. Аталган социомаданий фактор менен бирге, тарыхый, экономикалык жана биосоциалдык өбөлгөлөр "адам-табият" мамилелерин өркүндөтүүнүн кыймылдаткыч күчү болуп эсептелет. Адам – бири-бири менен байланышкан жана бирин-бири шарттаган, табияты боюнча ар түрдүү болгон муктаждыктар жана жөндөмдүүлүктөр системасына ээ – биопсихосоциалдык жандык.

7. Философиялык антропологиянын соңку мезгилдеги парадигмаларынын бири – "адамды өркүндөтүү" концепциясы. Бул аталган концепция – айрыкча соңку мезгилде өнүккөн илимий-технологиялардын натыйжасында "адам табиятын", "адам маңызын" оркүндөтүүгө арналган философиялык антрпологиянын трансгуманисттик формасы. Сөз болуп жаткан концепциянын негизги трансгуманисттик идеясы – адам азыркы учурдагы заманбап технологиялар (биотехнология, нанотехнология, ген инженериясы, жасалма интеллект) аркылуу өзүнүн эволюциялык потенциалын позитивдүү нукта жогорулата алат. Адам өр тартып жогорулоого, өзүн-өзү жаңы кырдаалда татыктуу реализациялоого; интеллектуалдык, эмоционалдык, социалдык жана рухий өнүгүүгө табийгый түрдө умтулат. Умтулуунун натыйжасында, моралдык баалуулуктарды, адекваттуу кызыкчылыктарды,

орундуу максаттарды иштеп чыгып, өзүнүн учурлаш иденттүүлүгүн камсыз кылат. Ушундан улам “адамды өркүндөтүү” парадигмасы соцку мезгилдеги постгуманисттик философия алкагындагы прогрессивдүү тенденция болуп саналат. «Адамды өркүндөтүү» парадигмасы – мезгилдин шарданы менен алга умтулуунун (максаттуу аракеттин) ыкмасы жана программасы.

8. Философиялык антропологиянын дагы бир түйүндүү парадигмасы – гуманисттик этика. Адамдын адамдык дөөлөтүн, парасатын бийик тутуп, татыктуу жашоого шарт түзүүгө, социалдык адилеттүлүктү камсыз кылууга кантип жана кандайча жетишүүгө болоорун аныктоо – аталган парадигманын пайдубалы. Гуманисттик этика үчүн ар бир адам кымбат, уникалдуу жана кайталангыс дөөлөт. Гуманисттик этика – адам укуктарына, ар бир адамдын индивидуалдуу автономиясына басым жасай турган “адам доктринасын” иштеп чыгууга аракеттенет. Билим берүү тармагын, маданиятты өнүктүрүү аркылуу дүйнөлүк тынчтыкты, улут, мамлекет аралык тилектештикти орнотууга умтулат. Адам доктринасы кеңири мааниде – адам табиятын, адамдын дүйнөтүзүлүштөгү ордун аныктаган касиеттердин жыйындысын жалпылап туюндурган маанилик мейкиндиги кенен түшүнүк. Адам деген ким (эмне)? Адамдыктын параметрлери болуп эсептелген баалуулуктардын түйүнү, адам укуктары жана милдеттери кандай түшүндүрүлөт? Адам аны курчап турган табийгый-социалдык чөйрө менен кандайча алакада болуш керек? Ушул сыяктуу фундаменталдуу көйгөйлөрдүн логикасын чечмелөө, аларды илимий түшүндүрүү – адам доктринасынын лейтмотиви болуп эсептелет. Адамдын инсандык касиети – анын моралдык аң сезиминин, тиричилик жашоо образынын негизи болуп эсептелет. Гуманисттик этика, андагы адам доктринасы – адамдын жан дүйнөсүнүн эволюциясын, өркүндөөсүн адекваттуу аңдоого; жакшылык менен жамандыктын, адилеттүүлүк менен адилетсиздиктин, эркиндик менен кулчулуктун, бакыт менен бактысыздыктын, эмгек менен ырахаттын табиятын терең түшүнүүгө жана аныктоого жардам берет. Адамдын акыл-эстүү жандык катары жашоосунун максаты – абсолюттуу жакшылыкка жетишүүгө умтулуу жана

бул максатка адамдык позитивдүү сапаттарды өркүндөтүү аркылуу жетишүү болуп саналат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Теманын тандалышы, пландаштырылышы, материалдардын топтолуп, системалаштырылышы, анализдениши жана жарыкка чыгарылышы диссертант тарабынан аткарылды. Изилдөөдө философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты социалдык философиялык ракурста талдоого алынды. Негизги илимий жоболор менен корутундулар аталган багытта жеке изилдөөлөрдүн натыйжасы болуп саналат.

**Изилдөө натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациянын негизги тыянактары жана жоболору автор тарабынан төмөнкү илимий конференцияларда жана семинарларда апробацияланды. Алар: Краткий экскурс в историю некоторых философских терминов (макала). "XXI кылымда билим берүү таалим-тарбия системасындагы гумандуулук багыттарды өнүктүрүү" аттуу регионалдык конференцияда. (2002-жылдын 18-декабры). - Ош: ОшМУ; Молдо Нияздын этносаясий көз карашы (макала). "Улуттук аң-сезим жана мамлекеттүүлүк". Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган ИПКнын материалдарынын жыйнагы. - Ош, 2003; Чыгыш ойчулдарынын гуманисттик идеяларындагы сүйүү проблемалары / "Индия и Кыргызстан: взаимодействие цивилизаций" аттуу эл аралык илимий конференция. - Ош, 2003; Социалдык мобилизация түшүнүгү жана анын социалдык аспектилери /"Новые векторы развития современного Кыргызстана: социальная мобилизация и добросовестное управление" аттуу аймактык илимий конференция. Вестник ОшГУ. - Ош – 2004; Азыркы шарттагы кыргыз улуттук социомаданий проблемалары жана социалдык институттар /"Новые векторы развития современного Кыргызстана: социальная мобилизация и добросовестное управление" аттуу аймактык илимий конференция. Вестник ОшГУ. - Ош – 2004; Социалдык институттар улуттук социомаданий динамиканы интеграциялоочу борбор катары /

«Эгемендүү Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык, саясий, рухий өнүгүүсү жана келечеги» аттуу ИПКнын материалдары. ОшМУ, Ош – 2005; Социалдык иштердин гуманистик-философиялык негиздери / «Ош мамлекеттик университетинин жарчысы» илимий журналы. - Ош 2009; Молло Нияздын гуманисттик философемалары (монография). - Ош, 2013; Когнитивные условия функционирования методологических требований / «Высшая школа Казакстана». - Алматы, 2014; Студенттердин таанып билүү өз алдынчалуулугу аркылуу кесипке багыттоо /“Ош мамлекттик университетинин жарчысы” илимий журналы №4 1-чыгарылыш. - Ош, 2015; Адамдагы гуманисттик-экзистенциалдык маңыз / Республикалык илимий-теориялык журнал. ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА. №12, Бишкек – 2016; Неопозитивизм как неотделимая часть западной философии / «Наука новые технологии и инновации Кыргызстана» аттуу журнал: №11. 2017. Бишкек – 2017; Социалдык иштер алкагындагы Адам субъективдүүлүгүнүн маңызы / “Ош мамлекттик университетинин жарчысы” илимий журналы Атайын чыгарылыш, - Ош, 2017; Өспүрүмдөргө жана жаштарга карата социалдык тарбия /“Ош мамлекттик университетинин жарчысы” илимий журналы. Атайын чыгарылыш №2 – 2018; Кыз-келиндерге карата социалдык мамиленин социожаратылыштык жана социомаданий өнүттөрү /«Наука новые технологии и инновации Кыргызстана» аттуу журнал: Бишкек – 2018; Мектепке чейинки жана мектеп жашындагы балдардын социалдашуусундагы социалдык педагогиканын орду / Республикалык илимий-теориялык журнал. ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА. Бишкек – 2018; Социалдык иштер багытындагы кесиптик жогорку билим берүүдөгү философиялык антропологиянын орду /“Ош мамлекттик университетинин жарчысы” илимий журналы. Атайын чыгарылыш, №3, - Ош, 2019; Социалдык иштердин кесиптик этикасындагы инсандык субъективдүүлүк маселеси /“Ош мамлекеттик университетинин жарчысы” илимий журналы. Атайын чыгарылыш, №3, - Ош, 2019; Социалдык иштердин экзистенциалдык өнүттөрү; Ош МУнун “Записки мөлодых учёных” аттуу илимий журналы.

Атайын чыгарылыш, №2, - Ош, 2022; Кыргыз гуманисттик идеяларынын экзистенциалдык маңызы / Ош МУнун “Записки молодых учёных” илимий журналы Атайын чыгарылыш, №2, - Ош, 2022; “Humahistic Philosophical Foundations of Social Work”; “Sustainable Development Risks and Risk Management-A Systemic View from the Positions of Economics and Law”, Advances in Science Technology& Innovation-IEREK Interdisciplinary Series for Sustainable Development”. 2023; Морально-этические понятия в контексте философской антропологии /Международный журнал: гуманитарных и естественных наук №2-2 (89). 2024. С.160-167; К концептуальной характеристике философской антропологии /Международный журнал: гуманитарных и естественных наук №2-2 (89). 2024. С.167-174.; Адамдын социожаратылыштык өңүтү: социалдык ишмердүүлүктөрдүн эволюциясы жана коомдук аң сезимдин детерминанты /Международный научно-теоретический журнал: Наука, новые технологии и инновации кыргызстана №1. 2024. С.187-190; Философиялык антропологиянын тарыхый-логикалык маңызы /Международный научно-теоретический журнал: Накука, новые технологии и инновации кыргызстана №1. 2024. С.191-194. Философиялык антропологиянын классикалык жана постклассикалык интерпретациясы / ИЗВЕСТИЯ НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ №1.С. 147-153; Социально-футурологические идеи Калыгула Бай уулу в контексте философской антропологии / ИЗВЕСТИЯ НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ №1.С. 154-162.

Мындан сырткары ОшМУдагы тематикалык багыттагы атайын лекциялык жана семинардык сабактарда, атайын курстарда апробацияланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылуусунун толуктугу.** Диссертациянын негизги натыйжалары менен теориялык жоболору илимий журналдарда жана жыйнактарда чагылдырылып, 26 макала жарыкка чыкты. Аталган макалалар ата мекендик басылмаларда жана чет

өлкөлөрдө РИНЦ жана “Scopus” системасы аркылуу индекстелүүчү мезгилдүү илимий басылмаларда жана жыйнактарда жарыяланды.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** иштин түзүлүшү изилдөөнүн негизги максаттарына жана милдеттерине ылайыкталган. Диссертация киришүүдөн, сегиз параграфты камтыган төрт баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмегинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – 290 бет. Пайдаланылган адабияттардын саны – 257.

**Диссертациялык иштин мазмуну жана формасы боюнча сын пикирлер жана сунуштар**.

1. Диссертацияда айрым техникалык жана стилистикалык кемчиликтер кездешет, бирок мындай кемчиликтер иштин илимий деңгээлин төмөндөтпөйт.

2. Диссертацияда айрым материалдардын кайталанышы бар, бул автордун оюн айкындаштырууда бир аз кыйынчылык жаратышы мүмкүн.

Жогоруда айтылгандар сунуш мүнөзүндө гана берилди.

## КОРУТУНДУ

Акматов Өмурзак Сарытайовичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» аттуу диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын докторлук диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет. Ал эми анын автору 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору даражасына татыктуу.

Акматов Өмурзак Сарытайовичтин 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана

социомаданий табияты» аттуу диссертациялык иши Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин профессор Ш.М. Ниязалиев атындагы философия жана гуманитардык илимдер кафедрасынын 2024-жылдын 5-июнунда өткөн кеңейтилген жыйынында талкууланды (протокол № 25).

**Кафедранын отурумуна катышкандар:**

Р.К. Шамшиев – философия илимдеринин кандидаты, доценттин м.а., кафедра башчысы (төрага); Г.С. Токоева – философия илимдеринин доктору, профессордун м.а.; А.К. Эшиев – философия илимдеринин доктору, А.Т.Балтабаева – философия илимдеринин доктору, Ж.А. Кедейбаева – философия илимдеринин доктору, Г.Т.Токтогулова – философия илимдеринин кандидаты, доцент; Б.М. Атамурзаева – философия илимдеринин кандидаты, доцент; Б.Н. Алымкулов – саясий илимдердин кандидаты, доценттин м.а.; Г.А. Анарбаева – тарых илимдеринин кандидаты, доцент; К.А. Айдаркулов – тарых илимдеринин кандидаты, доцент; А.О.Шерматов – улуу окутуучу; Ы.М. Кожоназарова – улуу окутуучу; М.И.Мамытов – окутуучу; Ж.Б. Бектурсунов – окутуучу; А.А.Усенов – окутуучу.

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик
университетинин профессор Ш.М. Ниязалиев
атындагы философия жана гуманитардык илимдер
кафедрасынын башчысы, философия
илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Шамшиев Р.К.

Катчы Кожоназарова Ы.М.

**Кол тамгаларын тастыктайм:**

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
адам ресурстарын башкаруу жана
укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы Акматова А.Т.